УДК 32.0195

**КЫЛЫЧБАЕВА Э.З.,**
**СЫРДЫБАЕВА К.С.**
*Ж.Баласагын атындагы КУУ,*
*КНУ им. Ж.Баласагына*
**KYLYCHBAEVA E.Z.,**
**SYRDYBAEVA K.S.**
*J.Balasagyn KNU*

# САЯСАТЧЫЛАРДЫН ИМИДЖИН ТҮЗҮҮДӨГҮ НЕГИЗГИ МАСЕЛЕЛЕР

## Основные вопросы в формировании имиджа политиков
## The main issues in shaping the image of politicians

***Аннотация:*** *Макала кыргыз саясатчыларынын имиджин түзүүдөгү негизги маселелерге арналган. Макалада саясий имидж кеңири талдоого алынып, саясий имиджди түзүүдөгү саясий маркетингдин, маалыматтык согуштун ролу аныкталды. Саясий имиджди түзүүдөгү вербалдык эмес каражаттар жөнүндө сөз болду.*

***Аннотация:*** *Статья предназначена основным вопросам в формировании имиджа политиков. В статье анализируется политичский имидж, определяется роль политического маркетинга, информационной войны в формировании имиджа политика. А также шла речь о невербальных средствах в формировании имиджа политика.*

***Abstract:*** *The article is intended for the main issues in shaping the image of politicians. The article analyzes the political image, defines the role of political marketing, information war in the formation of a political image. And also there was talk of nonverbal means in shaping the image of a politician.*

***Урунттуу сөздөр:*** *имидж; саясий имидж; саясий маркетинг; маалыматтык согуш; вербалдык эмес каражаттар; лидер; саясатчы; түзүү.*

***Ключевые слова:*** *имидж; политический имидж; политический маркетинг; информационная война; невербальные средства; лидер; политик; формирование.*

***Keywords:*** *image; political image; political marketing; information war; nonverbal means; leader; politician; formation.*

Саясий имидж – субъекттин өзү жөнүндөгү түшүнүктөрү менен ал жөнүндөгү массалык маалымат каражаттарында калыптанган сүрөттөмөлөрдүн кошундусунан улам пайда болгон образ, саясий мүнөздөмө. Саясий имидж жалаң эле лидердин саясий аң-сезиминин жана жүрүм-турумунун чыныгы өзгөчөлүктөрү жөнүндө эмес, андан тышкары, ал жөнүндөгү элдердин ой-мүдөөсү, элестетүүсү жөнүндө да жалпыланган, жөнөкөйлөтүлгөн маалыматарды берет. Ыңгайлуу же ыңгайсыз абалдын, шарттын таасири менен саясатчынын артыкчылыктары жана кемчиликтери жөнүндө коомдук аң сезимде белгилүү бир образ пайда болот жана калыптанат, бул образ, белгилүү бир мааниде, өз алдынчалыкка ээ болуп, саясатчыны коомчулуктун пикирине ылайык иш жүргүзүүгө мажбурлайт.

Тигил же бул саясатчынын имиджин аныктоодо маалымат каражаттарынын ролу чоң. Элдин көпчүлүк бөлүгү өзүнүн саясий симпатиясын билдирүүдө көбүн эсе колдо болгон маалыматтарга таянууга мажбур болушат. Ушундан улам азыркы мезгилде, өнүккөн өлкөлөрдө саясатчылардын Имиджин аныктоодо одоно каталарды кетирбөө үчүн саясий маркетинг теорияларын жана ыкмаларын колдонушат. Лидердин жекече иш стили, идеологаиялык көз карашы жана саясий программасы бирине-бири төп келсе, анда бул саясий имидж пландоонун ачкычы

болуп эсептелет. Эгерде имидж саясий базарда талаптарына дал келсе, анда саясатчыга ийгилик алып келет. Ушул максатта саясатчынын артыкчылыгын баса белгилөөчү жана анын начар жактарын жаапжашырып туруучу маалымат үчүн атайын программалар иштелип чыгат.

Маркетинг буга өбөлгө түзөт: конкреттүү кырдаалда саясатчы өзүнүн жеке сапаттарына жараша, электораттын талаптарына ылайык, атаандаштарынын абалына карата кандай көз караштарда туруу керектиги аныкталат. Демократтык институттардын өнүгүшү, шайлоо алдындагы мезгилде саясий атаандаштардын көбөйүшү саясатчынын имиджине карата болгон талаптардын курчушуна алып келет. Шайлоолордогу ийгилик, саясий карьера көбүн эсе саясий имидждин өзүнө тартуучулук күчүнө, аныктыгына, иш аракеттеринин ирээттүүлүгүнө жараша болот. Ошондо гана электорат аны башка атаандаштардан айрып-таануу, ага саясий симпатия көрсөтүү мүмкүн-чүлүгүнө ээ болот. [1]

Карым-катнаштын ар кандай деңгээлинде күч колдонулат. Кээ бир учурда орой, ырайымсыз күч пайдаланылса, көбүнесе жумшак күчкө таянабыз. Курал-жарак, булчуң, муш катаал күчтүн каражаты болгондой эле, маданият тармагы (кино, искусство), идеология жана маалымат жумшак күчтүн куралдары болуп саналат. Бирок маалыматты жумшак күч деп айтуу чындыкка толук шайкеш келбейт. Анткени, бир тажрыйбалуу журналист айткандай, «гезит жумшак болгону менен, башка чапсаң темирден да катуу тиет». Же, башкача айтканда, маалымат деген абстракция болсо да, аябагандай чоң күчкө эгедер. Мисал катары, акыркы империя аталган СССРдей дөөшаанын урашында маалыматтын ролу эбегейсиз болгонун айтсак жетиштүүдүр. Ал эми азыркы маалымат доорунда аны колдонуу менен адамдардын аң-сезимин, акыл-оюн каалагандай калчап, бирөөлөрдү көккө көкөлөтүп, дагы бирөөлөрүн жер менен жексен кылганга, кээ бирлерин сүттөн ак, суудан таза кылып таанытып, дагы башкаларын мокочо көрсөткөнгө дээрлик чексиз мүмкүнчүлүктөр бар. Табиятынан такай тынчтыкта, ынтымакта жашаганга, акыйкатты айтып, адилет чечимдерди кабыл алып жүрүүгө жөндөмсүз болгон адамзат, тилекке каршы, ушул мүмкүнчүлүктөрдү аянбай колдонот экен. Ошол үчүн ар башка маалымат каражаттары бир эле инсан же компания, же демилге, же өлкө ж. б. тууралуу кайнаса каны кошулбас карама-каршы пикирлерди жарыялап жатканы мыйзам ченемдүү эле нерсе. Маалымат согушу деп аталган бул феномен, күрөштүн кандай гана формасы болбосун, улам кеңири колдонулуп барат. [2; 56]

Жеке байкоолорубуз маалымат согушунун бир нече өзгөчө белгилерин айырмалап-таанууга мүмкүнчүлүк берди. Биринчиден, маалымат майданында, АКШнын 1960-жылдардагы президенти Джон Кеннедиге атасы осуят кылгандай, «сенин кандайлыгың эмес, кандай көрүнгөнүң маанилүү» деген принцип чоң роль ойнойт. Ошол үчүн тараптар өздөрүн же тилектештерин жакшы жагынан таанытып, саясий, экономикалык атаандаштарынын же жөн эле кыртышы сүйбөгөндөрүнүн кадыр-баркына аёосуз сокку урушат. Мындай көрүнүштөр саясий өнөктүктөрдүн, улуттар аралык чыр-чатактардын же өлкөлөр ортосундагы кансыз же кандуу кагылышуулардын учурунда өзгөчө күчөөрүн Кыргызстандагы өткөн шайлоолор, Ош окуялары, Балкандагы, Жакынкы Чыгыштагы, Корея жарым аралындагы, Грузиядагы ж. б. жактардагы куралдуу тирешүүлөр даана көрсөттү. Милошевичтин бирөөлөр үчүн өз мекенинин чыныгы патриоту, а бирөөлөр үчүн ырайымсыз баш кесер болуп калганы да ушул маалымат согушунун акыбети. Ислам дини – негиз болбосо, адамдын жаны тургай, даракты да кыюуга тыюу салган, тынчтыктын дини экенин биз билгенибиз менен, бирөөлөр үчүн ал «террорго» жана «экстремизмге» түспөлдөш болгону өкүндүрөт. “Жаңы Ордо” гезити менен “Форум” гезитиндеги Бакиев – караманча каршы каармандар. Путин ОРТ менен Русское радиодо бири-бири менен жалпы эч нерсеси жок жүзгө ээ. АКШнын бир эле мезгилде «демократиялык баалуулуктардын экспортёру» жана «дүйнөлүк жандарм», «агрессор» деген имиджи бар. [4]

Имидж демекчи, бүгүнкү күндө тараптардын саясий, социалдык жана экономикалык ийгилиги көп жагынан ушул факторго байланышкан. Ошондуктан эл аралык деңгээлде өздөрүн жарнамалоо максатында Германия, Япония ж. б. кээ бир мамлекеттердин миллиарддаган долларларды сарптап жатканы тегин жерден эмес. АКШ «кансыз согуш» учурунда СССРди дүйнөгө мокочо кылып көрсөтүп түбүнө жетиш үчүн маалымат каражаттарынан эчтеме аяган эмес.

Экинчиден, маалымат согушу жалаң эле маалымат каражаттарынын бетинен орун алуучу көрүнүш эмес. Ал айылдагы кошуналардан тартып саясий күчтөрдүн, фирмалардын, бийлик менен оппозициянын, улуттар аралык корпорациялардын жана мамлекеттердин ортосунда ар кандай жолдор менен жүзөгө ашырылат. Кыргызстанда, маселен, ушак-айың, имиш механизми абдан чоң күчкө ээ. Ош окуялары учурунда азыркы мамлекет башчысынын дарегине карата да канчалаган имиштер айтылып, эч кандай далили жок болсо да, кыргызстандыктардын тең жарымы аларга бөркүндөй эле ишенишкенине күбө болдук. [7]

Илимий негиздер менен адамды ынандыруу аркылуу белгилүү максатка жетүү – маалымат согушунун үчүнчү байкалган өзгөчөлүгү. Күн сайын дүйнө жүзүндө уюлдук телефондорду жарнамалаган миңдеген видео жана аудио роликтер көрсөтүлүп, берилип, макалалар басылып жатат. Ошол эле мезгилде бул буюмдун ден соолукка зыяндуулугу, мээде рак оорусунун пайда болушуна себеп болушу ажеп эмес экенин шардана кылган илимий макалалар да жарыяланууда. Ошол макалалардын артында уюлдук телефон маркетингинин кеңейиши кызыкчылыгына төп келбеген таасирдүү күчтөр турушу мүмкүн.

Маалымат согушу жана анын акыбети ошол эле мезгилде коомдогу саясий маданияттын көрсөткүчүнүн функциясын аткарат. Далилсиз материалдарды жарыялоодон тартынбаган ММКлардын жана алардын жарыялагандарына, ал тургай, адамдар чыгарган жалааларга күмөнсүз ишенгендердин көптүгү кыргыз коомундагы саясий маданият али да калыптануу баскычында экендигин көрсөтөт.

Улуттук баалуулуктар жана саясий маданият маалымат согушунун жыйынтыгын аныктай турган факторлорго да кирет. Маселен, Мамлекеттик Думада аялды чачтан алып, зомбулук көрсөтүп, чыр чыгарганын жалпыга маалымдоо каражаттары байма-бай көрсөткөндөн кийин ЛДПРдин лидери Владимир Жириновскийдин орус коомчулугундагы рейтинги төмөндөмөк тургай, кайра көтөрүлгөн. АКШда, Батыш Европада же Японияда мындай көрүнүш саясатчынын мансабына (карьерасына) чекит коймок. Ал тургай, мындай кылык-жорук үчүн кылмыш иши козголуп, сот жараяны орун алмак. [7]

Маалымат согушунда ийгиликке жетүү үчүн каржы жана адам ресурстары, туура стратегия абдан манилүү. Ошондой эле анын катышуучуларынын репутациясы бузулбастан, оң болуусу абзел. Кыргызстандагы гана эмес, мурдагы советтик айдыңдагы көптөгөн мамлекеттердеги маалымат каражаттары ушул өңүттөн аксап жатканы белгилүү. Ошол үчүн бул өлкөлөрдөгү ММКлардын көптүгүнөн окуган нерсеңдин чын-төгүнүн билиш үчүн кайра дыкат текшерип чыгуу зарылдыгы бар. Биз үчүн кадыресе эсептелген мындай ММКлар журналистиканын стандарттарын катуу карманган өлкөлөрдө «желтая пресса» деп аталып, адамдардын ишеничине арзый албайт. Бизде деле «жалаң эле ушактар» жазылыптыр деп тигил же бул гезиттин дарегине сын айткандар четтен чыгат. Ийгиликке жетишкен Аль-Жазира (Катар), БиБиСи (Улуу Британия), СиЭнЭн, Нью-Йорк Таймс (АКШ), Эн-Эйч-Кей (Япония) маалыматтын тактыгына, тууралыгына, ар тараптуулугуна жана объективдүүлүгүнө ошол үчүн өзгөчө көңүл бөлөт. Бул булактардын жарыялагандары, андыктан, чоң идеологиялык жана моралдык күчкө ээ болуп, коомдук пикир жаратууда эбегейсиз роль ойношот. [7]

Маалымат согушунда, ошондой эле, сөзсүз түрдө «бешенеге муштоо», башкача айтканда, тикеден-тике агрессивдүү иш алып баруу шарт эмес. Кыйыр иш-аракеттер көбүнесе жемишин молураак берет. Маселен, азыр ушунчалык

популярдуу болуп жаткан телесериалдары аркылуу Түштүк Корея өзү, атуулдары тууралуу керемет пикирлерди жаратууга жетишүүдө. Акыбетинде, бул өлкөгө каттаган туристтердин саны арбып, корейлер менен карым-катнаш түзүүгө кызыкдар адамдар күн санап көбөйүүдө. Түштүк Кореяга карата бейопа, терс мамиледеги өлкөлөр мындай адамдардын нааразылыгына кабылат деп болжоого болот. Ошентип, түз эле «биз жакшыбыз» деп жарнама жарыялаганга караганда, көркөм фильмдер улуттун оң, жакшы бейнесин жаратууда жана өнүктүрүүдө алда канча жемиштүү каражат болууда.
[6]

Маалымат согушунда уттурбоонун дагы бир сыры – өзүң тууралуу терс пикир жаралышына негиз бербөө. «Кыңыр иш кырк жылдан кийин билинет», «дубалдын да кулагы бар» деген насааттарды эч качан эстен чыгарбаш шарт. Фашисттик Германия менен согушуунун алдында СССР жетекчилиги колго түшкөн польшалык аскерий лидерлерди канчалык жашыруун көзүн тазалап, бул кылмыштуу иштин изин жашырса да, учуру келгенде ал бүткүл дүйнө коомчулугуна «Катынь трагедиясы» деп белгилүү болду. Бул окуя СССРдин, кийин Россиянын беделине эч качан орду толгус зыян алып келген. Эгерде чет элдик ММКларда Кыргызстан тууралуу бейопа маалыматтар жарыяланып жатса, демек, ошого негиз болгон фактыны же жактардын иш-аракеттерин терең талдообуз абзел.[7]

Маалымат майданынын моралдык жагы да өзүнчө кеп кылууга арзыйт. Согушта жеңиш үчүн ар кандай ыкма жакшы деген принцип болгону менен, карганы замбирек менен атуунун кажети жок. Кээде атаандаштарды жеңүүнүн өтө ыплас жолдору да колдонулуп жатат. Маселен, жашыруун видеокамера менен тартылган жашыруун иштердин, папараццилердин коомчулукка шардана кылынышы кээ бир адамдарга, үйбүлөлөргө, ал тургай, коомчулукка ченемсиз психикалык жана моралдык зыян алып келери турган иш. Ошол үчүн Ислам done«бирөөнүн айыбын ачсаң, акыретте Кудай сенин да жашыруун айыбыңды ачат», «ушак-айың адам өлтүрүүдөн да жаман» деп айтылат. Кыргыз эли «жерди суу, адамды ушак бузат» деген акылман кепти айткан. Улуттук баш мыйзамыбызда «адамдын ар-намысы кол тийгис» деген универсалдуу эреже жазылган. Япондордун Ай-ки-до кармаш өнөрүндө да «абсолюттуу жеңиш» түшүнүгү бар. Ал үчүн каршылашыңды физикалык, эмоциялык, психологиялык же моралдык зыян келтирбей жеңгенди үйрөнүү талап кылынат. Ошол үчүн маалымат согушу да белгилүү бир этикалык эрежелердин алкагында жүзөгө ашуусу шарт. [7]

Саясий имиджди түзүүнүн дагы бир каражаты бул вербалдык эмес каражаттар. Мындай каражаттарга кыймыл-жаңсоолор жана ишааратта кирет. Байыркы замандан бери эле эл башчылары коомчулукка таасирдүү, ыраатуу жана ынанымдуу сүйлөш үчүн кыймыл-жаңсоолордун түрүн колдонууга астейдил мамиле жасап келген. Айталы, байыркы антикалык доордо эле эл башчыларына коомчулукта сүйлөөнүн өнөрлөрүн, анын ыкмаларын атайын үйрөтүп келгендигин Аристотель, Платон, Демосфен, Плутарх сыяктуу улуу ойчулдардын эмгектеринен жолуктурууга болот. Ымдоо-жаңсоолордун коомчулукка чыгып сүйлөөдөгү орду баа жеткис. Бир жолу Демосфенден (б.э.ч. 322384) мыкты саясий ишмер болуу үчүн эмне керектигин сурашат. Ал: «Бир гана кыймылжаңсоолор! Себеби, таамай колдонулган бир эле ишарат кыймыл көптөгөн саясий катачылыктарды жоюуга жөндөмдүү келет!» — деп жооп берген. Чындыгында эле, кыймыл-жаңсоолор, мимика, үн угумдары, интонация — саясий чөйрөдө тилге караганда маалымат туюндурууга ийкемдүү, ыңгайлуу болгон каражаттардын бири болуп саналат. Белгилүү окумуштуу Альберт Мехрабиандын пикирине таянсак, байланыш-катыш мезгилинде маалыматтын 7% сөздөн, 35% басым жана ар түрдүү үн угумдарынан, ал эми 55% кыймыл-жаңсоолордон тураарын аныктаган. Демек, маалыматтар, ички сезимдер, айтайын деген негизги ойлор көбүнчө кыймыл-жаңсоолор аркылуу туюндурулат.[8]

Айтылган сөзгө караганда жасалган ымдоо-жаңсоолор, тулку-бойдун ал-абалы менен көп нерселерди түшүндүрүүгө болот. Сүйлөшүү учурунда кашындагы адамдын кандай деп жооп кылаары сүйлөөсүнөн мурун эле анын жүзүнөн көрүнүп турат. Мындай информация чоң ишеним менен берилет. Эгерде сүйлөшүү учурунда жогорудагы аталган бөлүктөр (айтып берүү жана кыймыл-жаңсоо, мимика) бирибирине дал келбесе да, адам бир нерсени айтып жатса, бирок анын жүзүнөн башка нерсени көрсөк, анда биз айтылган сөзгө эмес, жүзүнөн эмнени байкасак дал ошол нерсеге көбүрөөк ишенебиз. Мисалы, айрым учурда өзүбүздөгү оңтойсуз абалды, же болбосо жан-дүйнөдөгү сезим-туйгуну жашыруу максатында пикирлешибизге жылмайып жооп кайтарабыз.[5]

Эгерде ишарат кыймыл жаңсоосун мыкты өздөштүргөн адис болсо, ал сиздин жылмайганыңыздын жалган экендигин оңой эле байкап коёт. Аны учурдагы жагдайдан мурун же кийин пайда болгон жылмаюдан бет жана көздүн алдындагы булчуңдардын жыйрылышынан байкасак болот. Чыныгы жылмаюнун узактыгы 6-8 секундга чейин гана созулат. Ал эми бул убакыттын узак-же кыскалыгынан пикирлешиңиздин анык оюн билүү анчалык деле кыйындыкка тура бербейт. Биз бул макалада кыргыз саясий ишмерлеринин сүйлөшүү учурундагы чыныгы жүзүн, сезим-туйгусун, ниетин кыймылжаңсоолор аркылуу көрүүгө аракеттендик. Кандай гана саясий ишмер болбосун анын сырткы көрүнүшү, кийген кийими жана сүйлөшүү учурунда өзүн алып жүрүүсү, колдонгон кыймыл-жаңсоолору бүтүндөй бир өлкөнүн маданиятынын деңгээлин чагылдырып турат. Ошол себептен, саясий ишмерлерге оозеки сүйлөшүүдө колдонулган айрым ымдоо-жаңсоолорду колдонууга тыюу салынат.

Адатта, кээ бир саясатчылар эл көзүндө тургандыгы ойго келбейби, айтор, алардын ички маданиятын чагылдырган одоно кыймыл-жаңсоолорду колдонгонун кездештирүү мүмкүн. Айталы, Мурат Суталиновдун эл алдында жасаган орой кыймылжаңсоосу көпчүлүктүн дагы да эсинен чыга элек болсо керек. Андыктан, кыргыз саясатчылары сүйлөшүү учурунда колдонулган ар бир кыймыл-жаңсоо сезим-туйгуну, эмоцияны эле билдирбестен, ал адамдын билиминен, тарбиясынан, ички маданиятынан да кабар берерин унутушпаса. Ага астейдил мамиле жасашса жакшы болмок. Тилекке каршы, саясий чөйрөнүн сүйлөшүү этикетине туура келбеген «сөөмөйүн нукуу», «сөөмөйүн кезөө», «сөөмөйүн силкилдетүү» жаңсоосу биздин саясатчылардын арасында эң эле активдүү колдонулган кыймыл-аракеттердин бири болуп саналат. Бул белги пикирлешине же коомчулукка болгон агрессиясын, терс көз карашын, эскертүү, коркутуу, каршы туруу сезимин туюндуруп турат. Андыктан, коомчулуктун алдында сүйлөп жаткан учурда ымдоо-жаңсоолорду абайлап колдонушса деген тилек.

Ал эми сөөмөй жогору карай багытталса, тескерисинче, сүйлөшүү учурунда айтылган сөзгө көңүл бурдуруу, туюндурулган информациянын маанилүүлүгүнө басым жасоо, назар бурдурууну билдирет. Андыктан, «сөөмөйүн көтөрүү» ымдоо-жаңсоосун чечмелөөдө сөзсүз түрдө анын – тике, жогору, жантайыңкы ал-абалына карата кароо зарыл.[5]

Кыргыз элинин салт-санаасы, каада-салты, муундан-муунга сиңирилип келген таалим-тарбиясына байланышкан улуттук тажрыйбасында эл башчыларынын сүйлөгөн сөзү эле эмес, анда колдонулган кыймыл-жаңсоолорго салынган тыюу-чектөөлөрдүн өзү эле байыркы эл башчыларынын сүйлөө маданиятынын улуу үлгүсү катары азыркы күндөгү саясий чөйрөнүн сүйлөшүү этикетине туура келет. Эгерде кыргыз элинин накыл сөздөрүнө, каада-салтына көңүл бөлө турган болсок, сүйлөө маданиятындагы ымдоо-жаңсоо белгилерин эле чектебестен угуу маданиятындагы адеп, адат, жүрүмтурум өзгөчөлүктөрүн белгилеп келишкенин көрүүгө болот. «Азаматтын жакшысы — азыраак сүйлөп, көп тыңшайт» — деп кимдир бирөөнүн айткандарын угуп жаткан мезгилде «далыны салууга», «көзүнүн төбөсү менен кароого», «бөйрөгүн таянууга», «отургучка чалкалап отурууга», ал эми сүйлөө учурунда «колдорун эсепсиз

жаңсап сүйлөөгө», «сөөмөйүн кезөөгө», «сөөмөйүн силкилдетүүгө» тыюу салынган. Угуунун манерасы, шарттары, натыйжалуулугу: маектеш менен көздүк контактты сактоо (көздү ала качпоо), ага «физикалык» көңүл буруу — түз карап отуруу (туруу), артын салбоо; айтуучунун кыймыл-жаңсоосуна, мимикага жана интонацияга этият көңүл буруу, ортодогу ыңгайлуу аралыкты сактоо сыяктуу аракеттер көрсөтүлүшү керек. Эл башчысы ой-пикирин, сезим-туйгусун билинип-билинбеген, сезилип-туюлбаган кыймыл-аракеттер менен туйдурушкан. Деги эле, саясий чөйрөнүн сүйлөшүү этикетинде колдорун ыксыз жаңсоо, одоно кыймыл-аракеттерди колдонуу туура келе бербейт. Мүмкүн болушунча, кыймыл-жаңсоолор маанилүү, айтылып жаткан кепке туура келгидей жана эстетикалык жактан да көркөм болуусу парз. Кыргыз саясатчыларынын ичинен кыймыл-жаңсоону айтылган кепке орунсуз жана ыксыз көп колдонгондордун бири Азимбек Бекназаров. Анын сүйлөп жаткан мезгилинде көзүнүн ал-абалы, мимикасы, орду менен колдонулбаган ымдоо-жаңсоолору коомчулукка жагымсыз маанай жаратат.[4]

Эгерде сүйлөшүү учурунда тил аркылуу ички сезимиңди жашырууга мүмкүн болсо, ал эми кыймыл-жаңсоолор ошол жашырган сезимиңди жарыя кылууга кудурети жетет. Ал жүрөктө болгон нерсени гана чыгарууга жөндөмдүү келет… Кээде кимдир бирөө сага болгон өзүнүн оң мамилесин билдирип сүйлөгөнү менен, жүрөгүбүздүн түпкүрүнөн анын жалган айтып жатканын туябыз. Чындыгында, пикир алмашуу учурунда ойлонуу процесси түздөн-түз сүйлөө кебине багытталат да, «оюмду кантип туйдурам?» , «эл кандай кабыл алат?», «жалган айтканымды же чыныгы оюмду байкап калбаса экен…» деген миң түркүн уйгу-туйгулар адамдын аң-сезимин ээлеп алып, кыймыл-жаңсоолорду колдонуу аракетин контролдоо, аңдаштыруу көңүлдүн борборунан чыгып кетет. Ал адам аң-сезимине, акылына, эркине баш ийбеген кубулуш болгондуктан, ойлонулбастан аң-сезимде аткарылат. Ошондуктан да, адамдын сүйлөгөн сөздөрү менен кыймыл-жаңсоолору дал келбей, жаап-жашырган сезимдерин түрдүү ишарат кыймылдары төгүнгө чыгарып коёт. Айталы, саясий ишмерлердин сүйлөшүү учурундагы чыныгы жүзүн, сезим-туйгусун жашыруу үчүн кандай кыймылжаңсоолорду колдонушат. Психолог, дене кыймылдары боюнча белгилүү адис Аллан Пиздин айтуусу боюнча, адамдар ички сезимин жашырууда бейаң-сезим менен оозун колу (же сөөмөйү) менен жабуу, же жакындатуу аркылуу туюндурат дейт. Адатта, жаш балдар капысынан айтып алган кеби үчүн оозун дароо жаба коёт. Ал эми аң-сезимин, эркин башкарып калган адамдар ал кыймыл-жаңсоонун өзүн эмес, ага жакын эквиваленттин гана колдонуп келишет. Бул белги чыныгы оюн айткысы келбөө, сактануу, ички сезим-туюмун жашырууну билдирет. [3; 87]

Бул сезим сөөмөйү, алаканы, же манжаларынын бирин оозуна тийгизүү менен билинер-билинбеген, байкалбаган абалда туюндурулат. Бирок, бул кыймылжаңсоолордун маанисин чечмелөөдө сөзсүз түрдө сүйлөгөн же угуп тургандагы алабалына көңүл буруу керек. Адатта, пикирлешин угуп турган учурда колдонулса, өзүн өзү кармануу, чыныгы пикирин билдиргенден сактануу, абайлоо маанилерин билдирет.

Демек, саясий чөйрөдө саясатчылар үчүн ымдоо-жаңсоолор тил сыяктуу эле маанилүү каражаттардын бири. Колдонулган ар бир кыймыл-жаңсоо, жадагалса ошол саясатчынын жүргүзүп жаткан саясатынан, мүнөзүнөн да кабар берип турат. Айталы, кошуна өзбек элинин журт башчысы Ислам Каримов көбүнчө муштумун түйгөн, же колун көтөргөн абалда сүйлөйт. Психологдордун айтымында, бул кыймыл-жаңсоо сес көрсөтүү, эскертүү, коркутуу сезимдерин туйдурат. Ал эми мындай жаңсоону эрки күчтүү, айтканынан кайтпаган адам көбүрөөк колдонот. Ушул эле белгини кыргыз саясатчыларынын ичинен Камчыбек Ташиев сүйлөө учурунда арбын колдонгону белгилүү.

Ымдоо-жаңсоолор дагы тил сыяктуу эле улуттук өзгөчөлүктөргө ээ. Кайсы гана тилди үйрөнбө, бейаң-сезимде ошол элдин ишарат-жаңсоолорун, жүрүм-

турумун өзүңө сиңирип аласың. Себеби, улуттук маданияттын сакталышы сүйлөшүүдө колдонулган ымдоо-жаңсоолору менен тыгыз байланышта. Мисалы, чет тилдерин өздөштүргөн адамдын ошол элдин ымдоо-жаңсоосун сөзсүз түрдө колдоноорун төмөнкү сүрөттөн байкоого болот. «О-кей» белгиси.[8]

Аргасыздыкты, эмне кылаар айласын таба албоо, күнөөсүн мойнуна алуу сезими эки колун жогору көтөрүү — баш ийүү кыймыл-аракетинин негизинде туюндурулат. Бир көргөн адамга ошол учурдагы Бакиевдин жан-дүйнөсүндөгү ички уйгу-туйгу сезимдери, эмоциясы, санаасы, ал-абалы түрдүү кыймыл-жаңсоолор, жүзүндөгү өзгөрүүлөр аркылуу оңой эле байкалып турган.

Белгилүү саясий ишмерлердин өзүнө гана тиешелүү ымдоо-жаңсоолору менен элдин эсинде калат. Андай кыймыл-жаңсоолорго Аскар Акаевдин эки колу менен көтөрүү  (достук, шериктештик белгиси) кыймылы кирет.

Кайсы гана кесиптин ээси болбойлу, ар бирибиздин ишибиз жамаатташ адамдар менен байланыштуу. Ал эми саясатчылар коомчулуктун көз алдында, ошол өлкөнүн жүзүн чагылдырып тургандыктан аларга өзгөчө талап бар. Сүйлөө чеберчилиги, андагы ымдоо-жаңсоолорду таасирдүү колдонуу адамдын карьерасына, ийгилигине, кадырбаркына дайыма оң таасирин тийгизет.

Ынанымдуу, көркөм сүйлөй билген, кыймыл-жаңсоону орундуу колдоно билген адам өз оюн түшүндүрө да, пикирин далилдей да алат. Бул болсо, анын коомдогу кадырбаркынын өсүшүнө өбөлгө болот. Тескерисинче, ою канчалык туура, канчалык баалуу болсо да, аны башка адамдарга толук жеткирүүдө чабалдык кылуу адамдын беделин түшүрөт. Кыскасы, биз күн сайын эле эмес, мүнөт сайын колдонулган ишарат-жаңсоо белгилерин орундуу колдонуу саясатчылардын жеке ишмердиги үчүн ийгиликтүү болору шексиз.

Кыргыз таануу илиминде бул багытта алгачкы гана илимий кадамдар жасала баштады десек болот. Бул чакан макалада кыргыз эли атам замандардан бери калыптандырган өздүк, улуттук, кыргыздык нарктарыбыздын да бардыгын эске ала жүрсөк, тышкы таасирлердин бардыгы эле кыргыздын жан дүйнөсүнө азык болбостугун көңүлдөн чыгарбасак деген изги ниет.

***Пайдаланылган адабияттар:***


1. Имиджелогия – 2004: состояния, направления, проблемы: материалы второго международного симпозиума по имиджелогии/под ред. Е.А.Петровой – М,: РИЦ АИМ, 2004.
2. Имиджелогия – 2005: феноменология, теория, практика: материалы третьего международного симпозиума по имиджелогии/под ред. Е.А.Петровой – М,: РИЦ АИМ, 2005.
3. Имиджелогия-2003: современное состояние и перспективы развития: материалы первого Международного симпозиума по имиджелогии/ под ред. Е.А.Петровой. М., РИЦ «Альфа» МГОПУ им. М.А.Шолохова.2003.
4. Имиджелогия-2006: актуальные проблемы социального имиджмейкинга: материалы четвертого международного симпозиума по имиджелогии/под ред. Е.А.Петровой – М.:РИЦ АИМ,2006.
5. Котлер Ф. Основы маркетинга – М.: Бизнес-книга, ИМА-Кросс, Плюс, 1995.
6. Политическая имиджелогия (коллективная монография)// Под общ. научн. ред Л. Г. Лаптева, Е.А. Петровой – М.:РИЦ АИМ,2006.
7. Политическая имиджелогия: учебн. пособие/ под ред. А.А. Дергача, Е.Б. Перелыгиной и др.- М.: Аспект-пресс, 2006.
8. Политическая имиджеология: научно-прикладные основы (монография)//под ред. Лаптева Л.Г., Перелыгиной Е.Б., Петровой Е.А. – М.:РИЦ «РУСАКИ», 2004.


***Рецензент: Орунбеков Б.О.*** *– филология илимдеринин кандидаты, Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин доценти.*